Кимде-ким мага эки жаагы менен эки бутунун ортосундагы (мүчөлөрүн күнөөлөрдөн) сактаймын деп кепилдик берсе, анда мен анын Бейишке кирүүсүнө кепилдик беремин

Сахл ибн Саьд (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: «Кимде-ким мага эки жаагы менен эки бутунун ортосундагы (мүчөлөрүн күнөөлөрдөн) сактаймын деп кепилдик берсе, анда мен анын Бейишке кирүүсүнө кепилдик беремин».
[Сахих (ишенимдүү)] [Бухари жазып калтырган]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мусулман адам эки нерсеге бекем болсо, бейишке киреринкабарлап жатат. Биринчиси: Тилди Аллахтын каарын келтире турган сөздөрдөн сактоо. Экинчиси: Жыныстык мүчөнү зынадан сактоо. Анткени көптөгөн күнөөлөр ушул эки мүчө аркылуу болот.

http://sunnah.global/hadeeth/ky/show/3475